Каралды
Асан.Жансейитов атындагы
орто мектебинин.
Педагогикалык кеңеши.
№1 протоколу.
"28" 08 "2022-жыл

Бекитемин
Асан.Жансейитов атындагы
орто мектебинин директору
Турунов М.Ж.
"2" 09 "2022-жыл

# Текшерүү иштерин жүргүзүү жөнүндө ЖОБО.

## 1. Жалпы жоболор.

Максаты:
1.Окуучулардын билим сапаты жөнүндө объективдүү маалымат алуу
2.Окуучулардын предмет боюнча теориялык билиминин деңгээлин жана практикалык колдонуу билгичтигин жана кондумун аныктоо
3.Окуу программаларынын жана пландарынын аткарылышы жана календардык-тематикалык пландонуу корректировкалоо

Текшерүү иштерин мазмунун предметтик мугалим түзөт ,метод иштер боюнча директордун орун басары же окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары бекитет.

## 2.Текшерүү иштерин өткөрүү тартиби

•Текшеруу иштер-бул учурдагы жана аралык аттестациялоонун формасы,пландалган программаны өздөштүрүү жыйынтыктарын мониторинг жүргүзүүнүн формасы
•Текшеруу иштер мектептин мониторинг жүргүзүү ылайык жүргүзүлөт
•Мектеп мугалимдери текшерүү иштерди текшеришет жана талдоо үчүн бирдиктүү формага ылайык документтерди 3кундун ичинде толтурушат.
•Тешеруу иш жана мониторинг жүргүзулгонго чейин бир жумадан кечиктирбестен мугалимдерге жана окуучуларга эскертилет
•Текшеруу иш жана мониторинг иштеринин жыйынтыгы мугалим тарабынан тандалат ,мектептин усулдук бирикмелеринин жыйналыштарында талкууланат жана пед.кенештерде баяндалат.

## 3.Текшерүү иштерин жүргүзүүнү уюштуруу

Мектеп администрациясы:

1. Текшерүү иштерди алууну камсыз кылат.
2. Текшерүү иштери боюнча маалыматтар менен камсыз кылат.
3. Текшерүү иштерин уюштуруунун жана өткөрүүнүн жыйынтыктары боюнча аналитикалык маалыматтарды даярдайт.
4. Мектеп деңгээлинде билим берүү сапатын баалоонун натыйжалары боюнча башкаруучулук,онуктууручулук чечимдерди кабыл алат .

**Мектептин методикалык кеңеши:**
1.Мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык текшерүү иштерин камсыз кылат
2.Текшеруу иштерин жүргүзүү материалдарын көзөмөлдөйт.
3.Текшеруу иштин жыйынтыгы боюнча корутунду отчётту берет.
4.Билим берүү мекемесинин деңгээлинде чечим кабыл алуу боюнча сунуштарды даярдайт.

Мектепте текшерүү иштерин уюштурууга карата талаптар:

Текшерүү иштерин жүргүзүүгө 45мунот жана экинчи же үчүнчү сабакта жүргүзүлөт.

Текшерүү иш жүргүзүү этаптары:
1. Окуучуларга инструктаж берүү - 3мун.
2. Бланк толтуруу ( фомилиясы,аты,каласы) - 2мун.
3.Тапшырмаларды аткаруу - 40 мун .

Окуучу тапшырманы берилген убакытта аткарат.

Мугалимдер үчүн нускама:
- Текшерүү иштерин аткаруу үчүн уюштуруу бөлүгүн кошкондо 45мунот берилет.
- Иш учурунда тынч жана достук кырдаал түзүлүүсү абзел.
- Текшерүү иш аткаруудан мурун мугалим текшерүү иш боюнча тапшырмалар менен тааныштыруу керек.
- Мугалим окуучуларга тапшырма аткарууга жардам бербеди керек.
- Эгер окуучу тапшырманы аткарууда кыйналып жатканын көрсө кийинки тапшырмага өтүүнү сунуштоо керек.
- Эгер окуучунун текшерүү иш боюнча сүрөөсү болсо ага жооп берүү керек.
- Жумуш бүткөндөн кийин окуучулар текшерүү ишти мугалимге тапшыруу керек.
- Мугалим текшерүү иштерди текшерип, үч күндүн ичинде текшерүү иштерди талдоо үчүн бирдиктүү формага ылайык документтерди толтуруу керек.

Окуучулар үчүн нускама ( мугалим окуйт).
Балдар! Бүгүн силер ( предмет) боюнча текшерүү иш ,тест тапшырасынар .Иште жөнөкөй жана татаалыраак тапшырмалар бар .Тапшырмаларды ирети менен аткарып,баарын аткарууга аракет кылгыла.Эгер тапшырманы аткарууда кыйынчылык болуп жатса,аны өткөрүп жиберип,ага кийинчерээк кайтып келип иштесенер болот.Тапшырмаларды адегенде кунт коюп карап чыккыла.Кээде тапшырмалардын бир гана туура жообу болсо,кээ бир тапшырмалар бир нече туура жоопко ээ болооруна көңүл бургула .Тапшырмаларды аткаруудан мурда өз ишиңизге фамилия,атынарды ,классынарды жазгыла.
Окуучулар мугалимдин кийлигишүүсүн,өз алдынча 40мунот иштешет.